**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

6-июль 2022-ж. № 09 Бишкек ш.

**Филология илимдери боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 19-ноябрындагы №20 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 30-июнундагы № 387 токтомунун (№ 6э/к-4/7 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын филология илимдери боюнча эксперттик кеңештин 10.01.10 – фольклористика (авторефераты боюнча); 10.01.01 – кыргыз адабияты (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, филология илимдеринин доктору, доцент Бакчиев Талантаалы Алымбекович Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобонун 11-пунктундагы талаптарга ылайык келбегендигине, эксперттик кеңештин 10.02.01 – кыргыз тили (авторефераты боюнча); 10.02.06 – түрк тилдери (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор Усубалиев Бейшенбай Шенкеевич ден соолугуна байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Кыргыз Билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери, филология илимдеринин доктору, профессор Байгазиев Советбек Орозканович 10.01.01 – кыргыз адабияты (авторефераты боюнча), 10.01.10 – фольклористика (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча филология илимдери илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды карoo укугу менен филология илимдери боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**